## ИСТОРИЧЕСКИЕ НАУКИ

УДК 373.3 (575.2)
DOI 10.33514/BK-1694-7711-2023-1(2)-248-254

**Абдиева Ж.К., Бактыбек кызы Бегимай**
Талас мамлекеттик университети, тарых илимдеринин кандидаты, доцент,
Талас мамлекеттик университети, магистрант
**Абдиева Ж.К., Бактыбек кызы Бегимай**
Таласский государственный университет, кандидат исторических наук, доцент,
Таласский государственный университет, магистрант
**Abdieva Zh.K., Baktybek kyzy Begimai**
Talas State University, Candidate of Historical Sciences, Associate Professor,
Talas State University, Master's student

# БЕКТУР ИСАКОВДУН “МАНАС АЛИППЕСИ”: УЛУТТУК НАРК-НАСИЛ ЖАНА ТААЛИМ-ТАРБИЯ МАСЕЛЕЛЕРИ
# "АЛИППЕ МАНАСА" БЕКТУРА ИСАКОВА: НАЦИОНАЛЬНЫЕ ЦЕННОСТИ И ОБЩИЕ ВОПРОСЫ ВОСПИТАНИЯ
# THE "ALIPPE MANAS" OF ISAKOVA: NATIONAL VALUES AND GENERAL ISSUES OF EDUCATION

**Кыскача мүнөздөмө** Кыргыз элинин белгилүү педагогу, Талас жериндеги «Арал» орто мектебинин мугалими Бектур Исаков «Манас» үчилтигин окутуу боюнча өзүнүн көп жылдык тажрыйбасын жайылтып келүүдө. Б.Исаков сабактын көп жаңы формаларын сунуштап, “Манасты” окутуу боюнча педагогикалык комплекстүү ишин жүргүзгөн. Макалада, Бектур Исаковдун “Манас Алиппеси ” эмгеги аркылуу Манасты окуп-үйрөнүүгө болгон ишин улантып, окучууларды, студенттерди, кызыкдар окурмандарды Манас үчилтигинин өзөктүү окуяларын билүү менен эпосту терең билип калуунун жолун көрсөткөндүгү айтылат. Б.Исаковдун сабактары эч кандай мажбурлоосуз окуучунун берилип жан дүйнөсү менен кабыл алышкандыгы менен баалуу. Анын “Манас” эпосу боюнча пайдаланган окуу-усулдарын педагогдор өз сабактарында колдонулушу зарыл.Эл мугалими, балдардын сүйүктүү педагогу Бектур Исаковдун “Манас Алиппесиндеги” кыргыз келечеги үчүн жасалып жаткан эмгегин иликтөө бир макала менен чектеп коюу мүмкүн эмес. Бектур Исаковдун педагогика жаатында жасалып жаткан көөнөргүс педагогикалык иштерин изилдөө келечектин иши.

**Аннотация.** Бектур Исаков, известный педагог кыргызского народа, учитель средней школы “Арал” Таласской области, распространяет свой многолетний опыт преподавания трилогии «Манас». Б. Исаков внёс много новых форм урока и провел комплексную педагогическую работу по обучению «Манас». В статье говорится, что Бектур Исаков продолжил изучение Манаса в своем труде «Манас Аллипеси» и показал учащимся, студентам и заинтересованным лицам способ глубокого познания эпоса через знакомство с основными событиями трилогии «Манас». Уроки Б. Исакова ценны тем, что ученик трудятся во время занятий от всего сердца, без какого-либо принуждения. Применяемые методы Бектура Исакова по обучению эпоса «Манас», учителя должны использовать на своих

уроках. Невозможно ограничить исследовательские работы народного учителя и любимца детей Бектура Исакова одной статьей. Изучение выдающихся педагогических произведений Бектура Исакова в области педагогики – дело будущего.

**Abstract.** Bektur Isakov, a well-known teacher of the Kyrgyz people, a teacher of the secondary school "Aral" of the Talas region, disseminates his long experience of teaching the trilogy «Manas». B. Isakov introduced many new forms of the lesson and carried out comprehensive pedagogical work on teaching «Manas». The article says that Bektur Isakov continued the study of Manas in his work «Manas Allipesi» and showed students and interested persons the way of deep knowledge of the epic through acquaintance with the main events of the trilogy «Manas». The lessons of B. Isakov are valuable because the student works diligently, without any coercion. Applied methods of Bektur Isakov on teaching the epic «Manas», teachers should use in their lessons. It is impossible to limit the research of the works of Bektur Isakov in one article. The study of outstanding pedagogical works of Bektur Isakov in the field of pedagogy is a matter of the future.

**Негизги сөздөр:** “Манас Алиппеси”, үчилтик, манасчылар, окуу-усулдар, чежире топтому, бейне топтому, сыпат топтому.

**Ключевые слова:** «Алиппе Манаса», трилогия, сказители, методика обучения, сбор подтем, галлерея образов, описательная система.

**Keywords:** «Alippe Manas», trilogy, storytelling, teaching methods, collection of subthemes, gallery of images, descriptive system.

Бектур Исаковдун жанычыл изденүүлөрү жалпы эл агартуу кызматкерлеринин көңүлүн өзүнө бурат. Анын педагогикалык иш тажрыйбаларынан жаралган 2021-жылы жазылган “Манас Алиппеси” өзүнүн актуалдуулугу жана жаңычылдыгы менен кыргыз коомчулугунда баалуу эмгектерден деп айтсак жаңылышпайбыз.

“Манас” үчилтигинин негизинде түзүлгөн Бектур Исаковдун “Манас Алиппеси” мектептерде тарбиялык сааттарда окуучуларды таалим-тарбиялуу болушун калыптандыруу максатында, экинчиден эпосту үйрөнүүгө кызыкдар окурмандарга жана студенттерге эпостун өзөктүү окуялары аркылуу нарктуу каада-салттарды жаш муундарга кең-кесири түшүндүрүүнү көздөйт.

Бектур Исаков “Манас Алиппеси” окуу-колдонмо китебине чейин «Манас» үчилтигин орто мектепте окутуу программасын түзүп, ал программага ылайык «Манас» сабагы аттуу окуу китеби, «Манас сабагынын колдонмосу» аттуу окуу-усулдук эмгегин жазган.

Калкыбыздын белгилүү педагогу, Талас жериндеги «Арал» орто мектебинин мугалими Бектур Исаков «Манас» эпосун окутуу боюнча өзүнүн көп жылдык тажрыйбасын жайылтып келүүдө. Б.Исаков сабактын көп жаңы формаларын сунуштап, «Манасты окутуу» боюнча педагогикалык комплекстүү ишин жүргүзгөн. “Манас Аллипеси ” аркылуу Манасты окуп-үйрөнүүгө болгон ишин улантып, Бектур Исаков окучууларды, студенттерди, кызыкдар окурмандарды Манас үчилтигинин өзөктүү окуяларын билүү менен эпосту терең билип калуунун жолун көрсөтө айтат.

“Манас Аллипеси” Манас үчилтигинин өзөк окуяларынын негизинде түзүлгөн. “Артыкчылыктуу өзөк окуяларды “Манас” үчилтигин өздөштүрүүнүн алиппеси деп атаса болот. Ошондуктан бул эмгек “Манас Алиппеси” деп аталды” – деп жазат Бектур Исаков [Б.И. Манас Алиппеси.- Бищкек-2021-ж.]. Бул китептен ар бир окурман улуттук нарктын туу

чокусу болгон кара башты сабап, элди, жерди коргоонун артыкчылыгы эч эскирбеген, күнү бүгүнкүдөй жаңы сабак экенин түшүнүшөт. “Манас Алиппеси” өзүнүн мазмунунун тереңдиги жана педагогикалык таалим-тарбия маселелеринин актуалдуулугу менен өзүнө тартып турат. «… окуучулар «Манас» эпосун өзүн билбесе, анын өзүндөгү чоң турмуш, катышуучулар, кайгы, кубаныч, күрөш, эрдик балдарга жетпейт» - деп жазат тажрыйбалуу педагог Б.Исаков [2.]. Агайдын оюу менен кошулсак, анда ар бир бала өзүнчө дүйнө, өзүнчө эргүү жана музыка. Ошондуктан ар бир мугалим окуучуларга багыт берүүдө, алардын өз алдынча жетилишине кам көрүү керек.

Б.Исаковдун “Манас Алиппесинде” окуучуларга болгон кайрылуусунан: “Мекениң – Кыргызстан, эл журтуң кут болсун! Теңир жалгап, Манастын арбагы колдосун. Коломтонун оту өчпөй, дайыма чамгарак бүтүн болсун! Бар бол, көп жаша, учуң узарып, канатың жайылып, элдин керегине жара, мал чачар эмес, журт багаар атуул бол, келечек ээси” – деп келечек муундарга кайрылуу чакырык жасайт Бектур Исаков.

Улуу накыл кепти жан дүйнөсүндө туу тутуп жашап келип, кийинки урпактарга “Манас” үчилтигинин адам баласынын жашоо-турмушуна керектүү өлбөс-өчпөс актуалдуу маселелерин көпүрө кылган “Манас Алиппесинин” негизги максаты – биринчи иретте жаш муундарда активдүү турмуштук позицияны калыптандыруу, балдарды адептик тазалыкка, руханий марттыкка тарбиялоо.

Белгилүү педагог Б. Исаков Манастын очогунан оолак калуу журт безерлик экенин эмитен билгениң жакшы деп айтат. Андан соң агайыбыз Туу кандалдыбы? деген чакан темасында Түлөберди деген чоң манасчы болгондугу айтылат. Түлөбердини колго түшүргөндөр кыргыз элине селдей каптап басып келген душман, алардын согуштук жол-жосунду аткаруу салты болгон экен. Ал салт душман деп эсептелинген бир кишини мууздап, анын канына туу кандалмак. Мындай жөрөлгөдөн кийин алар түндүктү түшүрө чаап, кыргыздын эркегин кул, аялын күң кылмак. Түлөберди манасчы өз сөөлөтүн бузбай, наркын жоготбой белес-белес бороондон беш удургуп өткөн сөз бороонун куюңдатат . Ал сөз айланасындагы угуучуларды түгөлү менен бийлеп алат. Ал Түлөберди айтып жаткан “Манас” эле. Душман алдында Манас айтып жатканда Түлөберди манасчы жан соога жөнүндө ойлонбойт. Ал өз элинин баатыр экенин, кез келген душманга тизе бүгүп, баш ийбестигин катылган душмандын катыгын бере тургандыгын эзелтен эл элдигин коргоп келгендигин Манастын арбагы тирүү экенин, дайыма колдоп, өйдө басса өбөк, ылдый басса жөлөк болгонун айтат. Күн күнгө алмашат, Манасчынын алп талантына арбалган жоокерлер былк этпейт.”Ошентип, бир нече күндөрдөн кийин узун кол башчы туруп минтип айткан экен: - Кой баатырлар сапар карып кетти. Бул касиеттүү ыйык киши тура, бир нече жумалап айтса да оозунан шекер сөзү тугөнбөгөн, эрдикти, баатырдыкты даңктаган көсөм экен, бул адамды өлтүрүүгө болбойт, тууну мындай ыр менен оозанган, ыр менен жашаган, ыр менен нуска көрсөткөн кишинин канына кандоого болбойт. Жигиттер бур ырчынын астына ат тартып, үстүнө тон жаап, ашуудан ашырып койгула. Бул адам бизге көрүнгөн сыр. Жол болбой калды. Аттын башын артка бургула баатырлар! Ошентип кыргыз айылдары душмандын чапкынан аман калган экен...” [8. 10-бет.]

Бектур Исаков “Туу кандалдыбы” текстинен кийин соболдорду (суроолорду) ортого салат, соболдордун негизинде ал эпостун мазмунунун негизинде сырдашууга, салыштырууга, ойлонуп көрүүгө чакырат.

“Манас” бөлүмүнөн өзөктүү окуяларды (“Алоокенин чапканы”, “Кыргыздарды чилче таратуу”, “Алтайда”, “Жакыптын түшү”, “Баатырдын төрөлүшү”, “Баланын турпаты”, “Акбалтанын акылы”, “Манастын көрүнүшү”, Сексен баланын сеси”, !Акбалтанын экинчи акылы!, “Канжаркол”, “Кочку”, “Кырк таман ордо”, ”Жолойдун согушканы”, “Жолойдун качышы”, “Нескаранын жеңилиши”ж.б.) окуп үйрөнүүдө автор жаш муундарды көрктүү окууга жана манастын обону менен айтууга үйрөтөт.

Өзөктүү окуялар темаларында автор каармандардын сөзү аркылуу пьеса өндөнтүп түзсө болот дейт Мисалы;

**Манасчы:**

Муну мындай таштайлы
Атакеси Жакыптын,
Эми сөздү баштайлы.

**Жакып:**

Качып кирер токой жок,
Кара кылар ногой жок.
Өрт каптайт жыйган үбүмө,
Опсуз тентек чырагым,
Жеттиң менин түбүмө!

**Акбалта:**

Өлсө болбойт көп арман,
Өлө берсин көп балбан.
Капаланба сен Жакып,
Кармалашып көрөбүз,
Каза жетсе өлөбүз.
Эрте өлгөндүн бирибиз,
Ит урушун салалы,
Берен Манас balaңы,
Белге таңуу кылалы.

Демек каармандардын сөзүн кураштырып айтып, аны көрктүү окууларда колдонууну сунуштайт. Б.Исаков чыгарманын тандалган мыкты эпизоддорун, таамай тартылган урунттуу жерлерин көркөм окуунун максатка ылайыктуулугун белгилейт. Көркөм окуу окуучуларда сүрөткерликти пайда кылып, баланын чыгармачылык индивидуалдуулугун, чыгарманын көркөм формасын билүү жөндөмдүүлүгүн өстүрүүгө, алардын сөздөр аркылуу анын артында жаткан реалдуу жашоо турмуштун ар кыл байлыктарын байкай билүү табитин өстүрөт.

Б.Исаков айтат: «Манастын салтындагы көрктүү окуу – жалпы талап. Аны ар бир бала мектептик жылдарда аткарыш керек. Ал дайра, аны кечип өтүү парз. Мейли окуучу аткаруучу катары «Манасты» кечеде, чогулуштарда айтсын, мейли ал «Манасты» эч бир жерде айтпасын. Бирок бала атуул катары, маданияттуу инсан катары «Манастан» бир нече көрктүү окууну билиши, жадында сакташы зарыл».

Б.Исаковдун «Манас Алдиппесиндеги» темалар боюнча сөз берметтерин сууруп алып чыгышы окуучулардын улуттук нарк-насилдин эң сонун үлгүлөрүн унутпай, аздектеп сүйө билүүгө тарбиялайт. “Манас Алиппесиндеги” “Манас” үчилтигинин өзөктүү окукяларын түзгөн саптардан алынган сөз берметтери:

Жалдуу байтал мингизбейт, Куйруктуу козу жегизбейт.
Кызгалдак чөбү кылкылдап, кымыздык менен ышкыны тегиз бышып былкылдап.
Айбалтаны ким аштайт, Азган журтту ким баштайт. Б.Исаков айтат: «Манас» аркылуу куюлушкан, ыргакташып күүгө келип турган керемет сөздү ата-бабаларыбыз укум-тукумуна калтырган. Мына эми ошол сөздөрдүн ээси биз жана сенсиң. Буларды үйрөнүп, анан аларды сен да кийинки муунга мурас катары өткөрүп беришиң – атуулдук парзыбыз. Улуу окумуштуу В.В.Радлов кыргыздардын жөн сөзү да ырга окшоп куюлушуп тураарына баа берген. Илгертен бери ата-бабаларыбызда «сөз адамды өлтүрөт», «буттан жыгылса турасың, сөздөн жаңылсаң турбайсың» деген накыл сөздөр бекер жеринен айтылбаса керек. Демек, Бектур агайдын «Манастан» алып, окуучулар үчүн дегеле кыргыз баласы үчүн терип берген сөз берметтери эң татаал түшүнүктөрдү угуучуга жеңил жеткирип, тез кабыл алуусун, эске тутуусун бекемдейт. Ошентип сөз – байыртадан эрендерден калган сөз, энчи кылып алган сөз, кайнап ичке толгон сөз, жоого аттанган баатырдын жан жөкөрү болгон сөз, уккан жандын курсагы ушунчалык тойгон сөз, чечендерден черткен сөз, бечелдерди чеккен сөз, белес-белес бороондоп, беш удургуп өткөн сөз [3, 394-461 бб].

Ой жүгүртүүлөр – Манас сабагы менен чынжырлаша байланышкан бекем тутум. Уккан окуяларга байырлап, ой элегинен өткөрүп алуу керектигин баса белгилеп, адамдын тамак ичүүсү менен саллыштырат, тамакты боюна ченебей ичип алса, адам күптү болот, сабакта деле окучуум ошондой окуянын артынан окуяны шыкап кете берсе, кимдин да болсо күптү болоору бышык дейт. Сөздүн аркасында турган жандуу турмушту тирилте карап, сергектик менен мамиле кыла албасаң, анда сага сүйлөп жаткан сөз берметтери токтоп, муундан муунга кан сыяктуу өтүп турган рухий азылзат агымы үзүлүп калат дейт кыргыз эл мугалими [3, 78 б].

Ой-жүгүртүүнү максатка багыттап өнүктүрүү үчүн Бектур Исаков «Манас Аллипесинде» ар түрдүү тематикадагы тапшырмаларды сунуш кылган. Ой-жүгүртүү үчүн берилген темалар проблемалуу мазмундуу тапшырмаларды ичине камтыйт. Алар окуянын себеп-натыйжалуу байланыштарын, темада берилген көрүнүштүн прогрессивдүүлүк даражасын, окуялардын мүнөзүнө баа берүүгө, өткөндөгүнүн фактыларынан сабак алууну көрсөтөт.

Бектур агай төмөндөгүдөй ой жүгүртүүнү жаратуучу суроолордун тизмегин берет:

1. «Кыргыз элинин чабылышы жана Ала-Тоодон сүрүлүшү» деген тема боюнча ой жүгүртсөң дейт.
2. Эмне үчүн кыргыз элин дүйнөнүн туш тарабына тентитти?
3. Кул кылып жумшоо менен топ-таш кылып бөлөк эл, бөтөн жерге тентитип жиберүүнүн ортосунда айырма барбы?
4. Алооке башында турган душман бир элди түбөлүк баш көтөртпөй жок кылуунун акылдуу жолун ойлоп таптыбы? Же кыргыздардан коркконунан ушундай бүтүмгө келишкенби? Ал эми чилче таратуу жазасына татыктуу болгон эл сенин оюңча кандай эл?
5. Мал багар эмес, эл багар Манастын төрөлүшүнө ыраазы болосуңбу,? Анда мал багар же чарбачыл, иштиктүү болуунун эмнеси жаман?
6. «Кулаалы жыйнап куш кылуу, куранды жыйнап журт кылуу, тели куш жыйнап куш кылуу, тентиген жыйнап журт кылуу» дегендин маанисин чечмеле.
7. Алманбет кытай элинен качат, анда ал өз элине душманбы?
8. Бокмурун дүйнөгө көптүбү же атасынын өлгөнүнөнбү?

9. Эмне үчүн Нескара мааникерди сурап чатак чыгарды? Сураган атын берип койсо чатак тыйылбайт беле?
10. Бакай «Бөлүнсөң бөрү жеп кетет, бөлүнүп калды кыргыз деп бөлөк элге кеп кетет» -дейт. Бул акылман айткан маани менен сенин оюң кандай.?
10 Чубак менен Алманбеттин чатагында айыпты кимге тартуу керек? [3, 6-7.].

Ошентип “Манас Алиппесинде” өзөктүү окуялар боюнча алынган темаларда ар бир көрүнүшкө, окуяга анализ жасоо, аны салыштырууга, далилдөөгө үйрөнө аласың. Ой жүгүртүүнүн максатка ылайыкталган иш аракетинде окуянын мүнөзүн жана мазмунун түшүндүрүп жыйынтыктоодо ойлор так жана негиздүү болушун биле аласың.

Б.Исаковдун «Манас» сабагы өсүп келе жаткан жаш муундардын өз алдынча ой жүгүртүүсүн өстүрүүгө, проблемалуу суроолордун үстүндө изденүүгө, салыштырууга, анализдөөгө, анан барып жыйынтык чыгарууга үйрөтөт.

“Манас Алиппесинде” Бектур Исаков көрктүү окуу боюнча таймаш формасын да кошот. Окучуулардын, студенттердин бири-бири менен таймашып көрктүү окуусу да кызыгууну жаратат. Кайтадан эле ошол көркөм окуунун “Манастын”обонунда аткаруу угуучулардын да аткаруучулардын да жан дүйнөсүнө “Манас” эпосунун мазмунуна сүңгүп киришине шарт түзөт. Көркөм, көрктүү окуу – эске тутуп көркөм айтуу менен адабий тилде сүйлөөгө, китепти окууга үйрөтөт о.э. чыгарманын образдык, идеялык маанисин берүүгө машыктырат.

Мектепте, орто жана жогорку окуу жайларда болсун жаш муундарга билим жана тарбия берүүдө негизги роль мугалимге таандык, анын изденгич, чыгармачыл, активдүү иш аракетине жана анын моралдык жеке сапатына таандык. Ошондуктан мугалимге ар дайым чоң ишеним көрсөтүлүп жүрөт.

«Манас Алиппесин” окуп-үйрөнүүдө андан чыккан нускалуу накыл сөздөр, сөз берметтери, ой-жүгүртүүлөр, тыянактар өзүнөн өзү эле баланын жан дүйнөсүнө өтүшүп кетпейт. Мугалим окуучуга эпостун өзөктүү окуяларында орун алган мазмундагы тууган жерге, элге болгон сый-урматтын, кубанычты, сүйүүнү, жана башка кыргыз элинин нарк-насилдүү баалуулуктарын сиңирип адистик ишмерлиги менен гана акыл-эсине жол таап берет. Эгер мугалим сюжетин айтуу менен гана чектелип балдарга кайталатып айттырып койсо, анда элдин мурасы, көркөм дүйнөсү ал аркылуу берилүүчү кут уралып түшөөрүн Б.Исаковдун ар бир калем сабынан жазылган саптардан байкайбыз. Б.Исаковдун оюу боюнча көрктүү окуу аркылуу көп жылдар бою пастап, үзүлүүгө дуушар болгон манасчылыктын кербенин кайра жандандыруу болуп саналат.

Бектур Исаковдун “Манас” үчилтиги боюнча иштеп чыккан окуу-усулдук колдонмолорунда топтомдорду пайдалануу мүмкүнчүлүктөрү түзүлөт. “Манас Алиппесинде да” чежире топтом, “бейне топтом”, “сыпат топтому” өз ара мазмуну боюнча байланышкан эпосту үйрөнүүнүн үч ачкычы. Мындай топтомдор менен иштөө эпосту өз алдынча үйрөнүшүңө көмөк көрсөтөт. Чежире топтом өзөктүү окуяларды мыкты билүүгө үйрөтөт, “бейне топтому” эпостогу каармандардын бейнесинин сүрөттөлүшүн, “сыпат топтому” мисалы, жер сыпаты, баатырлардын сыпаты, тулпар сыпаты, акылмандык, баскынчылык, сараңдык, көпкөндүк, достук, жоо кийим, курал сыпаты ж.б. сыпаттарды окуп-үйрөнүүгө көмөк көрсөтөт.

Бектур Исаков “Манас”, “Семетей”, “Сейтек” үчилтигинен өзөктүү окуяларды алып берүү менен бирге эмгегинде “Манасты” ата-баладан сактап келген манасчыларга алардын

өмүр баянына, варианттагы өзгөчөлүктөрүнө, кыскача токтолгон. Ошондой эле автор "Манас" сөздүгү, айрым сөздөргө түшүнүктөрүн жазган. Андан соң окуучуларга тапшырма берип, өз алдынча иштөөгө үйрөтөт. Бектур Исаков айтат: "Акыл эмгеги менен алектенмейинче, инсан болуп калыптанбайсың. Ансыз алысты көрбөгөн, көп нерсеге көзү жетпеген жансың. Өзүң эле калыс болсоң, уга берсең анан кайтарым берерде дудуктанып же көк мелтей болуп унчукпай койсоң, уят эле иш да" [8. -536 бет].

Демек, эпосту окуп үйрөнүүдө ой жүгүртүү, тыянак чыгаруу, акыл жүгүртүп олтуруп табуу жана ишенимге ээ болуу үзүрлүү жыйынтык берүүчү эң башкы максат боло алат.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Исаков Б. Окучуулардын турмуштук активдүү позициясын калыптандыруу. – Фрунзе, 1985.
2. Исаков Б. Сабат санжырасы. – Бишкек, 1993.
3. Исаков Б. Манас сабагы 3-11 класстар үчүн окуу курал. – Бишкек,1994.
4. Исаков Б. "Манас" эпосун окутуу. – Фрунзе, 1989.
5. Исаков Б. "Манас" эпосун окутуунун программасы. – Бишкек,1994.
6. Исаков Б. Манастын жети осуяты. – Бишкек, 1997.
7. Исаков Б., Өмүрбеков Т., Манас наама. Окуу китеби. – Бишкек, 2005. 751 бет.
8. Исаков Б., "Манас Алиппеси". Бишкек.- 2021. 654 бет.


УДК: 929 (575.2) (04)
DOI 10.33514/BK-1694-7711-2023-1(2)-254-260

**Абдүлкадир Гүл, Исабаева Назгул Акылбековна**
Эрзинжан Биналы Йылдырым Университети, профессор,
Эрзинжан Биналы Йылдырым Университети, доцент
**Абдүлкадир Гүл, Исабаева Назгул Акылбековна**
Эрзинжанский университет им. Биналы Йылдырыма, профессор,
Эрзинжанский университета им. Биналы Йылдырым, доцент
**Abdulkadir Gul, Isabaeva Nazgul Akylbekovna**
Erzincan Binalı Yıldırım University, Professor,
Erzincan Binalı Yıldırım University, Associate Professor

# ПАМИРЛИК КЫРГЫЗДАРДЫН ТҮРКИЯГА АДАПТАЦИЯЛАШУУ МЕЗГИЛИ
# ПЕРИОД АДАПТАЦИИ ПАМИРСКИХ КЫРГЫЗ В ТУРЦИИ
# PERIOD OF ADAPTATION OF PAMYR KYRGYZ TO TURKEY

**Кыскача мүнөздөмө.** Макала 1982-жылы Түркиянын Ван областына Пакистандан көчүп келген, Памир кыргыздарынын, жаңы аймакка адаптациялашуу мезгилиндеги айрым бир көрүнүштөрүнө арналды. Жалпысынан алганда эл Ванга келгенде кыйынчылыктан, кенечиликке, жай баракат туруктуу жашоонун таасиринен психологиялык жактан жакшы багытка өзгөрүшкөн. Түркияга жаңы келгенде ахбалдары өтө оор болгон. Кийинчирээк жашарып рухий өсүш болгону байкалган. Алгач Түркияда кыргыздар Малатия шаарында